Kyrgyz - Beginning SW Prayer Scriptures

Confession Scriptures

Эзра 9:7 Ата-бабаларыбыз жашаган күндөрдөн тартып, бүгүнкү күнгө чейин биз абдан айыптуубуз. Мыйзамсыз иштерибиз үчүн биз да, падышаларыбыз да, ыйык кызмат кылуучуларыбыз да ушул күнгө чейин башка элдердин падышаларынын колуна салынып берилип, кылыч мизине, туткунга, талоонго, кордоого алынып келе жатабыз.

Эзра 9:13 Өзүбүздүн жаман иштерибиз үчүн, көп күнөөбүз үчүн тарткан азабыбыздан кийин да, Сен, Кудайыбыз, бизди мыйзамсыз иштерибиздин өлчөмүнө карабай аядың, бизди ушинтип куткарып алдың.

Некемия 9:2 Менин бир туугандарымдын бири Ханани бир топ киши менен Жүйүт аймагынан келди. Мен алардан туткундан аман калган жүйүт эли тууралуу, Иерусалим тууралуу сурадым.

Забур (24:3,4) 23:3,4/5 Ким Теңирдин тоосуна чыга алат? Же ким Анын ыйык жеринде тура алат? 4/5 Колу жамандыкка барбаган, жүрөгү таза, жанын жеп карганбаган, жалган ант бербеген адам гана Теңирдин батасын алат, Куткаруучу Кудайынын ырайымын көрөт.

Забур (73:13) 72:13 Анда мен жүрөгүмдү бекер эле тазаладымбы? Колумду айыпсыздыгым менен бекер эле жуудумбу?

Исаия - Ышайа 59:2 Асман, уккун, жер, кулак салгын, анткени Теңир сүйлөп жатат: Мен уулдарды өстүрүп, жогору көтөрдүм, бирок алар Мага каршы чыгышты.

Исаия - Ышайа 64:6 Биз баарыбыз таза эместей болуп калдык, биздин болгон адилеттигибиз булганган кийимдей. Баарыбыз жалбырактай болуп соолуп калдык, мыйзамсыздыктарыбыз бизди шамалдай учуруп жатат.

Жеремия 5:25 Силердин мыйзамсыздыгыңар буларды болтурбай салды, бул жакшы нерселерден силерди күнөөлөрүңөр ажыратты.

Ошуя 13:8 Мен аларга мамалактарынан ажыраган ургаачы аюудай кол салам, алардын көөдөнүн жарып салам, Мен аларды ошол жерде ургаачы арстандай болуп жеп салам, аларды талаа жырткычтары тытып кетишет.

Даниел 9:8,9 Теңир! Биз, падышаларыбыз да, төрөлөрүбүз да, ата-бабаларыбыз да уят болдук, анткени биз Сенин алдыңда күнөөгө баттык. 9 Биздин Кудай-Теңирибиз боорукер жана кечиримдүү. Биз болсо Ага каршы чыктык,

Марк 9:24 Эй, назареттик Ыйса! Бизде эмне ишиң бар? Сен бизди жок кылганы келдиңби? Сенин Ким экениңди билем, Сен Кудайдын ыйыгысың! – деп кыйкырды.

Лука 11:2 Ошондо Ыйса аларга мындай деди: Силер мындай сыйынгыла:

Асмандагы Атабыз! Сенин ысымың ыйык тутулсун, Сенин Падышачылыгың келсин. Асмандагыдай эле, жерде да Сенин эркиң аткарылсын! (Матай 6:10)

Жахан 14:6 Ыйса ага: «Жол, чындык жана өмүр Менмин. Атама Мен аркылуу гана барууга болот, Менсиз эч ким бара албайт.

Жахан 17:15 Мен Сенден аларды бул дүйнөдөн алып кетүүңдү өтүнбөйм, шайтандан сактооңду өтүнөм.

Римдиктер 6:12-14 Үмүт менен кубангыла, кыйынчылыкка туруштук бергиле, туруктуулук менен сыйынгыла. 13 Муктаждыгы бар ыйыктарга жардам бергиле, меймандос болууга аракеттенгиле. 14 Силерди куугунтуктагандарга бата бергиле. Бата бергиле, каргабагыла.

Эврейлер 9:28 Ошол сыяктуу эле көптөрдүн күнөөлөрүн Өз мойнуна алыш үчүн, Машайак Өзүн бир ирет курмандыкка берди. Ал эми экинчи ирет күнөөдөн тазалоо үчүн эмес, Өзүн күтүп жаткандарды куткаруу үчүн келет.

Жакып 4:8 Кудайга жакындагыла, ошондо Ал силерге жакындайт. Күнөөкөрлөр, колуңарды тазалагыла. Эки ойлуулар, жүрөгүңөрдү тазалагыла!

1 Жахан 1:9 Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт.

Forgiveness Scriptures

Матай 6:12-15 Бизге жамандык кылгандарды кечиргенибиздей, Сен да биздин күнөөлөрүбүздү кечире көр. 13 Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта. Анткени Падышачылык да, күч да, даңк да түбөлүккө Сага таандык. Оомийин. 14 Эгерде силер башкалардын күнөөлөрүн кечирсеңер, анда асмандагы Атаңар да силерди кечирет. 15 Эгерде башкалардын күнөөлөрүн кечирбесеңер, анда Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт.

Матай 18:21,22 Ошондо Петир Ыйсанын жанына келип: Теңир, мага каршы күнөө кылган бир тууганымды канча жолу кечиришим керек? Жети жолубу? – деп сурады. 22 Ыйса ага мындай деп жооп берди: Сага айтып коёюн, жети жолу эмес, жетимиштен жети жолу.

Матай 18:35 Эгерде ар бириңер өз бир тууганыңардын күнөөсүн чын жүрөктөн кечирбесеңер, асмандагы Атам да силерге так ушундай мамиле кылат.

Марк 11:25,26 Кимдир бирөөгө каршы бир нерсеңер бар болсо, сыйынып жатканыңарда, аны кечирип койгула. Ошондо асмандагы Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирип коёт. 26 Эгерде кечирбесеңер, анда

асмандагы Атаңар да силердин күнөөлөрүңөрдү кечирбейт.
Лука 6:37 Ошол шаардагы бир күнөөкөр аял Анын фарисейдин үйүндө экендигин билип, айнек идишке куюлган жыпар жыттуу май алып келди.
Лука 11:4 Бизге карыз болгондордун ар бирин кечиргенибиздей, биздин күнөөлөрүбүздү да кечире көр. Азгырылышыбызга жол бербе, бизди жамандыктан сакта!
Лука 17:3,4 Жүз башы Ыйса жөнүндө укканда, Келип, кулумду айыктырып берсе экен деген өтүнүч менен жүйүт аксакалдарын Ыйсага жөнөттү. 4 Алар Ыйсага келишип: Ал Сенин жардамыңа татыктуу киши.
Лука 23:34 Ыйса болсо: Ата, буларды кечире көр! Анткени эмне кылып жатышканын билишпейт, – деди. Аскерлер өкчөмө таш ыргытып, Анын кийимдерин бөлүп алышты.
Элчилердин Иштери 8:22 Ошондуктан бул күнөөң үчүн Теңирден кечирим сурап сыйын, балким, Ал жүрөгүңдөгү жаман оюңду кечирер.
Римдиктер 4:7 Мыйзамсыз иштери кечирилип, күнөөлөрү жабылган адам бактылуу.
Эфестиктер 1:7 Кудайдын мол ырайымынын негизинде Уулунун каны аркылуу кун төлөнүп, күнөөлөрүбүз кечирилди.
Эфестиктер 4:32 Бири-бириңерге кайрымдуу, боорукер болгула. Кудай силерди Машайак аркылуу кечиргендей, бири-бириңерди кечиргиле.
Колосатуктар 1:14 Биз Анын сүйүктүү Уулу аркылуу, Уулунун каны аркылуу куткарылдык жана күнөөлөрүбүз кечирилди.
Колосатуктар 2:13-15 Кылмыштарыңардын жана денеңердин сүннөткө отургузулбагандыгынын айынан өлүк болгон силерди да Кудай Аны менен бирге тирилтти, биздин бардык күнөөлөрүбүздү кечирди. 14 Ал бизди айыптаган көрсөтмөлөрдөн турган кол жазманы, бизге каршы жазылган кол жазманы, өчүрүп салды. Ал аны алардын арасынан алып, айкаш жыгачка кадоо менен четтетти. 15 Ал башчыларды жана бийликтегилерди куралсыздандырып, аларды ачык түрдө уятка калтырды, аларды айкаш жыгачта жеңип чыкты.
1 Жахан 1:9 Эгерде күнөөлөрүбүздү мойнубузга алып ачык айтсак, ишенимдүү жана адилеттүү Кудай күнөөлөрүбүздү кечирет жана бизди бардык адилетсиздиктен тазалайт.
1 Жахан 2:12 Балдарым, силерге жазып жатканымдын себеби: силердин күнөөлөрүңөр Машайактын ысымынын урматына кечирилген.

Pastor T. John Franklin
Church of Salvation, Healing, and Deliverance
COS-HAD.org